**Абдраимов Каныбек Акиновичтин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү» аттуу диссертациясына расмий оппонент, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Н.А.Бийгелдиеванын**

# ПИКИРИ

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар (практиканын жана илим менен техниканын өнүгүш талаптары) менен байланышы.**

Азыркы учурда кыргыз тилин эне тил катары орто мектептерде окутуп-үйрөтүү жумуштарына өзгөчө маани берилип, окутуунун максатын, милдетин, мазмунун азыркы талаптарга шайкеш келтирүү менен анын ык-жолдору менен каражаттары инновациялык жаңылоого багытталууда. Кыргыз тилин окутуунун максаты менен милдети предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында так аныкталып, окутуунун артыкчылыктуу багыттары көрсөтүлүүдө. Анда кыргыз тилин окутууда тилди үйрөтүүдө коммуникативдик жана практикалык максатка багыттап, окуучунун активдүү кеп ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн аларды байланыштуу кептин көндүмдөрүнө ээ кылуу керектиги көрсөтүлгөн.

Мамлекеттик нормативдик документтерде кеп маданиятын окутуу боюнча коюлган конкреттүү талаптарды орто мектептин кыргыз тили окуу китептерине дал келтирүү, кыргыз тил илиминде кеп маданиятынын теориялык-лингвистикалык маселелерин изилдөөнүн толук объектисине алуу зарылчылыгы жаралды.

«5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү» деп аталган бул диссертациялык изилдөө жогоруда белгиленген келечектүү жана олуттуу маселени чечүүгө арналгандыгы менен актуалдуу жана пайдалуу.

Бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу мына ушул сыяктуу олуттуу теориялык маселелерди илимий негизде ар тараптан иликтөөгө алгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө актуалдуу деп корутундулоого болот.

Изилдөө иши Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультети жана Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**2. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобонун» талаптарына туура келүүчү илимий жыйынтыктары.**

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна жана «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобонун» талаптарына ылайык келет. Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн бир кыйла мааниге ээ боло турган, илимий негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ.

**1-жыйынтык.** Кеп маданиятына үйрөтүү маселелеринин учурдагы абалы жана тил илиминде буга чейин жарык көргөн илимий-теориялык адабияттардын негизинде изилдениши, окуу китептеринде, окуу программаларында берилиши, анын лингвистикалык негиздери иликтөөгө алынып,окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн жолдору анализделген (I бөлүм, 1.1.,1.2.,1.3.).

**2-жыйынтык.** 5-класста көркөм текст аркылуу кеп маданиятына үйрөтүүнүн методикалык өбөлгөлөрү көрсөтүлүп, эксперименттин натыйжалары берилген (II бөлүм, 2.1.,2.2.).

**3-жыйынтык.** 5-класста көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген (III бөлүм, 3.1.,3.2.).

**3. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын (жоболордун), корутундулардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү**.

**1-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби кеп маданиятына үйрөтүү маселелери боюнча тил илимдериндеги илимий-теориялык булактардан алынган материалдарга таянуу жана аларга өз алдынча көз караш менен мамиле жасоонун негизинде чыгарылган.

**2-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени 5-класста көркөм текст аркылуу кеп маданиятына үйрөтүүнүн методикалык өбөлгөлөрү көрсөтүлүп, эксперименттин натыйжалары берилген.

**3-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби 5-класста көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелип чыгарылган.

**4. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын, бүтүмдөр менен корутундулардын жаңылык деңгээли**.

**1-жыйынтыкты жарымы жаңы** деп эсептөөгө болот, себеби тил илиминдеги кеп маданиятынын изилдениш таржымалы тыкан иликтөөгө алынып, диссертанттын өзүнүн жекече илимий ойлору теориялык жана практикалык жактан негизделип берилди.

**2-жыйынтыкты жарымы жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени кеп маданиятынын илимий-теориялык маселелери изилдөөгө алынып, анын

табияты, өзгөчөлүктөрү фактылык материалдардын негизинде ачылып көрсөтүлдү

**3-жыйынтыкты жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени 5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелип чыккан.

**5. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**6. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.**

Абдраимов Каныбек Акиновичтин «5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү» деген темадагы диссертациясынын жоболору жана андан алынган жыйынтыктары кыргыз тилиндеги кеп маданияты алкагындагы комплекстүү изилдөө менен байланышкан. Алынган илимий жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштары тастыкталган теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Диссертация аталган проблема боюнча бир ички бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жаңы жыйынтыктарды жана жоболорду камтыйт жана алар автордун кыргыз тил илимине кошкон жеке салымын күбөлөп турат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар илимий-практикалык конференцияларда окулган баяндамаларда диссертанттын жарык көргөн 21 илимий макаласында чагылдырылган.

1. **Абдраимов К.А.** Текст менен иштөөдө окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн жолдору [Текст] / К. А. Абдраимов // Социальные и гуманитарные науки – 2006. –№1. – 180-182-бб.

2. **Абдраимов К.А.**Окуучуларды көркөм текст аркылуу кеп маданиятына үйрөтүү [Текст] / К. А. Абдраимов // БГУнун жарчысы. – 2006. – №2(6). – 154-157-бб.

3. **Абдраимов К.А.** Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө кеп маданиятынын ролу [Текст] / К. А. Абдраимов // КТМУ – 2006. – 273-277-бб.

4. **Абдраимов К.А.** Кептин ишкердүүлүгү – окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн негизги өбөлгөсү [Текст] / К. А. Абдраимов // Түрк элдеринин тили жана адабияты илимий макалалар жыйнагы. 3-чыгарылыш – 2006. – 169-173-бб.

5. **Абдраимов К.А.**5-класстын кыргыз тили окуу китебинде кеп маданияты маселелеринин берилиши [Текст] / К. А. Абдраимов // Кыргыз тили жана адабияты. – 2007 – 118-123-бб.

6. **Абдраимов К.А.**Кеп маданиятына үйрөтүүнүн психологиялык өбөлгөлөрү [Текст] / К. А. Абдраимов // БГУнун жарчысы.– 2008. – №4 (13). – 188-191-бб.
7 **Абдраимов К.А.** Текст менен иштөөдө, өркүндөтүүдө жана жаңы текстти түзүүгө үйрөтүүдө окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү [Текст] / К. А. Абдраимов // Кыргыз тили жана адабияты – 2008. – 163-168-бб.
8. **Абдраимов К.А.**Кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары [Текст] // К. А. Абдраимов // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2011. – №2 (18). – 83-87-бб.
9. **Абдраимов К.А.** Окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн айрым маселелери [Текст] / К.А.Абдраимов // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2012. – №4 (24). – 114-117-бб.
10. **Мусаева В.И, Абдраимов.К.А.** Кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары [Текст] / В.И. Мусаева, К.А. Абдраимов // Кыргыз тили жана адабияты - 2012. - №1. – 84-89-бб.
11. **Абдраимов.К.А.** Кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары [Текст] / К.А. Абдраимов // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. - 2013. – 40-43-бб.
12. **Абдраимов К.А.**Кеп маданиятынын табияты, ага коюлуучу дидактикалык талаптар [Текст] / К. А. Абдраимов // Наука и новые технологии. – 2013. – №1. – 272-275-бб.
13. **Абдраимов К.А.** Кептин тазалыгын сактоо аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү [Текст] / К. А. Абдраимов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2013. – 118-122-бб.
14. **Абдраимов К.А**. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо кеп маданиятынын ролу [Текст] / К. А. Абдраимов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2014. – 67-72-бб.
15. **Абдраимов К.А**. Кеп маданиятынын табияты, мүнөздөмөсү, ага үйрөтүүнүн илимий-методикалык шарттары [Текст] / К. А. Абдраимов // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2014. - №15. – 16-21-бб.
16. **Абдраимов К.А.** Көркөм текстти өркүндөтүү аркылуу кеп маданиятын ишке ашыруунун жолдору [Текст] / К. А. Абдраимов // Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. “Юнусалиев окуулары-2015” – 2015. – 423-428-бб.
17. **Абдраимов К.А.** Көркөм текст менен кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары [Текст] / К. А. Абдраимов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2015. – 146-150-бб.
18. **Абдраимов К.А.** Психологические предпосылки обучения культуре речи [Текст] / К. А. Абдраимов // Наука, техника и образование. Москва. - №2(20). – 2016. – 171-175-стр.
19. **Дыйканбаева Г.К., Абдраимов К.А.** Сохранение чистоты языка при обучении учащихся культуре речи [Текст] / К. А. Абдраимов //

Wschodnioeuropejskie Czasopismo Naukowe (East European Scientific journal). Warszawa, Polska/ - #6, 2016czesc 141 – 148-стр.
20. **Абдраимов К.А.** Сохранение чистоты языка при обучении учащихся культуре речи [Текст] / К. А. Абдраимов // Ученые записки. Худжанд. - №4(53). – 2017. – 294-299 – стр.
21. **Абдраимов К.А.** Кеп маданияты боюнча көнүгүүлөр менен иштөөнүн ыкмалары [Текст] / К. А. Абдраимов // КРУИАнын кабарлары. – 2018. №3 – 139 – 144-бб.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын идеялары, жыйынтыктары, автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефераттын мазмунун кыскача чагылдырган кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси бар. Диссертацияда орун албаган кошумча, ашыкча же жаңы маалыматтар орун алган эмес.

**9. Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр.**

Диссертациялык иштин мазмунунда жана жасалгаланышында орун алган айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш-кеңеш айтууга болот·

1. Диссертациядагы термин боюнча. Адаттагы “кеп”, “байланыштуу кеп” деген терминдин ордуна “сүйлөө”, “байланыштуу сүйлөө” формулировкадагы терминдерди колдонуусун негиздеп сунуштаса түшүнүктүү болмок.

2. Мазмуну боюнча. 1.1-параграфында (Кеп маданиятына үйрөтүү маселелеринин учурдагы абалы жана илимий изилдениши, окуу китептеринде, окуу программаларында берилиши) окуу китептери жөнүндөгү маалыматты иретине жараша биринчи берип, андан кийин окуу программалар тууралуу маалымат кетирсе түшүнүктүү болмок.

3. 21, 26-беттерде берилген аныктамаларга шилтеме берилбей калган.

4. Диссертациялык текстте кеп маданиятынын лексикасына (кеп адеби, кеп тазалыгы, кеп тууралыгы ж.б.) лингвистикалык, этимологиялык комментарийлер берилсе диссертант иштин жогорулашына шарт түзмөк.

5. 3-чү бөлүмдүн 2-параграфы (Көркөм текст менен кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары) окуу-методикалык рекомендациялар менен толукталса диссертациянын сапаты көтөрүлмөк

6. Диссертациянын жана авторефераттын текстинде орфографиялык, пунктуациялык, стилдик жана техникалык мүчүлүштөр кезигет.

**10. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнү изилдөөгө алган Абдраимов Каныбек Акиновичтин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү» деген темадагы диссертациясы тиешелүү деңгээлде аткарылган, педагогика илими үчүн теориялык жана практикалык мааниге ээ болуучу маселелерди камтыган илимий-квалификациялык эмгек болуп саналат жана КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет.

Абдраимов Каныбек Акиновичтин «5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү» аттуу диссертациясы КР ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу

Расмий оппонент, С.Нааматов атындагы
НМУнун доценти, педагогика
илимдеринин кандидаты: Н.А.Бийгелдиева

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын койгон колунун тууралыгын тастыктаймын.

С.Нааматов атындагы НМУнун
кадрлар бөлүмүнүн башчысы: М.А.Акматалиева

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.18.580
17.06.2019 г
Уч. секр. Абдурбаев Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ